КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова**

# БУЙРУК №131

**2020-жыл 21-август** **Жалал-Абад шаары**

Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен «COVID-19» коронавирус инфекциясынын жайылышынын тобокелдиктерин минималдаштыруу, студенттердин жана окутуучулардын, кызматкерлердин ден соолугун сактоо жана 2020/2021 – окуу жылында жогорку жана кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашырууда дистанттык форманы колдонуу менен окуу процессин уюштуруу, вебинарларды өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 14.08.2020ж. №631/1, 17.08.2020-ж. №632/1 буйруктарынын негизинде Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети 2020-2021-окуу жылында окуу процессин уюштуруу максатында кафедра (бөлүм) башчылары, факультеттин декандары, колледждин директорлору жана тиешелүү бөлүмдөр төмөнкүлөрдү аткарсын:

**I. МТ жана КТТ бөлүмүнө, факультеттин декандарына (колледждердин директорлоруна) кафедра башчыларына:**

1.1. 2020-жылдын 27-августуна чейин жарыяланган «Санарип-2020» декадасына, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жооптуу кызматкерлер, окутуучулар, административдик кызматкерлер жана студенттер үчүн уюштурулуп жаткан вебинарларга катышууну камсыздасын;

1.2. Окутуучуларга, жооптуу кызматкерлерге жана студенттерге окуу жайдын дистанттык билим берүү сайтын (порталдарын) пайдаланууга, жаңы маалыматтык техника жана технологиялар жардамында өз алдынча иштерди жүргүзүүнү үйрөтүү максатында бир жумалык тренинг семинарлар уюштурулсун;

1.3. 2020-жылдын 1-сентябрынан тартып AVN маалыматтык системасын, ZOOM, Google classroom, MOODLE платформаларын, Academic Affairs маалыматтык системасын, ошондой эле Whatsapp, Skype жана электрондук почтанын, өздүк электрондук китепканаларынын ресурстарын, Кирлибнет электрондук китепканасынын ресурстарын колдонуу менен окуу процессин онлайн режиминде аралыктан билим берүү технологияларын колдонуп уюштурулсун:

- окутуучулардын ишин аралыктан режиминде уюштурулсун, окуу сабактарын дистанттык форматта уюштуруу үчүн аларды усулдук жана техникалык жактан колдоону камсыздалсын, ошондой эле окутуучулар тарабынан өздүк окуу видео материалдарды (лекциялар, практикалык сабактар, курстар ж.б.) түзүүнү көзөмөлгө алынсын;
- окутуучулар үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарына катышууну уюштурулсун .
- билим берүү технологияларын аралыктан колдонуп окутууну онлайн-тартибинде өткөрүүдө окутуучуларды адаптациялоо максатында профессордук-

окутуучулар курамы, административдик-башкаруу кызматкерлери жана студенттер үчүн вебинарлар уюштурулсун.

- студенттерге окутуучулар менен онлайн өз ара аракеттенүүнүн тартиби жөнүндө маалыматты жеткиришсин жана дисциплиналардын окуу-усулдук комплекстерине ылайык студенттердин өз алдынча ишинин планы иштелип чыксын,
- дистанттык окутуу формасын керектүү санариптик окуу материалдары менен камсыздашсын, өздүк маалыматтык билим берүү ресурстарын жакшыртышсын, сабактарды дистанттык форматта уюштуруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык базанын жаңылоо боюнча чаралар көрүлсүн.
- аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен окуу процессине күн сайын мониторинг жана көзөмөл жүргүзүлсүн.

1.4. **МТ жана КТТ бөлүмү** профессордук- окутуучулар курамы, административдик-башкаруу кызматкерлери жана студенттер (биринчи курстун студенттеринин шартын эске алып) үчүн avn.jagu.kg порталынын, KelBilдин иштөө системасы боюнча атайын видеосабак (инструкция ) даярдалсын;

1.5. Окуу жүктөмдөрдүн негизинде сабактардын жадыбалы түзүлүп avn маалыматтык системасына киргизилсин.

1.6 Университет боюнча жооптуу **IT адиси** катары Термечикова А. факультеттерде, колледждерде **дистанттык билим берүүнү уюштурууга жооптуу катары** тиешелүү факультеттердин декандары, колледждердин директорлору бекитилсин.

1.7 Ар бир факультетте (колледждерде) декандар (директорлор) тарабынан **жооптуу IT адиси** бекитилип, **дистанттык билим берүүнү уюштуруу тобу** тузулсун;

1.8 Кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчылары менен биргеликте биринчи курстар үчүн группанын WhatsApp базасы түзүлүп, өз ара байланыш ишке ашырылсын;

1.9 Жогорку курстар менен байланыш (WhatsApp группалары аркылуу) кафедра башчылары, кураторлор аркылуу ишке ашырылсын.

**II. Адистер бөлүмүнө:**

2.1 Студенттер боюнча буйруктар AVN программасына кечиктирилбей, өз учурунда так киргизилсин;

2.2 Профессордук-окутуучулук курамынын кыймылы боюнча буйруктар AVN программасына өз учурунда жайгаштырылсын.

Негизи: ОБнын башчысы З.Сакбаеванын билдирүүсү, ОИ боюнча проректордун резолюциясы .

ЖАМУнун проректору А.П.Алибаев

КБнын башчысы: Б.Т. Осмонова

УИБ башчысы: А.Т. Акматова

Даярдаган КБнын ага инспектору А.Жамашева

Көчүрмөсү анык